| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги он алтынчы ессиясы

**ТОКТОМ №16-1**

Мундуз айылы 30-октябрь 2025-жыл

**Кызыл-Туу айыл өкмөтүнө “Мамлекеттик лизинг компаниясы” ачык акционердик коому аркылуу атайын техника сатып алууга макулдук берүү жөнүндө**

Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 27-октябрындагы чыгыш № 01-28/2349 сандуу катын негиздеп, айылдык кеңештин экономика, инвестиция, муниципалдык менчик жана ишкердикти өнүктүрүү маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 30-октябрындагы отурумунун №8 протоколун жана сунушун талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин XVI сессиясы **токтом кылат:**

1. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы Д.Бокошовдун берген маалыматы эске алынсын.
2. Финансылык ижара (лизинг) келишиминин негизинде “Мамлекеттик лизинг компаниясы” ачык акционердик коому аркылуу жалпы баасы 12 600 000 (он эки миллион алты жүз миң) сом, жылдык 11 (он бир) пайыздык үстөк менен, 5 жылдык мөөнөткө эксковатор HYUNDAI R140W-9 атайын техниканы алууга макулдук берилсин.
3. Лизингдин жалпы баасынан 10 (он) пайыз өлчөмүндөгү өздүк салым — 1 260 000 (бир миллион эки жүз алтымыш миң) сом — 2026-жылдын биринчи кварталында камсыздалып берилсин.
4. Өздүк салымдан тышкары, лизинг жолу менен алынган автоунааны бажы жагынан жол-жоболоштуруу, каттоо, лизингдин бүткүл мөөнөтүнө камсыздандыруу жана башка тиешелүү чыгашалар айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинен каралсын**.**
5. “Мамлекеттик лизинг компаниясы” ачык акционердик коому менен лизинг келишимине жана ага байланыштуу документтерге кол коюу укугу Кызыл-Туу айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысына ыйгарылсын.
6. Лизинг боюнча төлөмдөр 5 жыл аралыгында, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинен төлөнсүн.
7. Ушул токтомдун аткарылышын Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы Д.Бокошовго милдеттендирилсин.
8. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине каттоого жиберилсин.

**Төрага** **А.Р. Алимов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги он алтынчы сессиясы

**ТОКТОМ №16-2**

Мундуз айылы 30-октябрь 2025-жыл

**Жер аянтын муниципалдык менчикке алуу жөнүндө**

Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы Д.Бокошовдун 2025-жылдын 29-октябрындагы чыгыш № 01-28/2367 сандуу кайрылуу катынын негизинде, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин экономика, инвестиция, муниципалдык менчик жана ишкердикти өнүктүрүү маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 30-октябрындагы отурумунунун №8 протоколун негиздеп жана сунушун талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин XVI сессиясы **токтом кылат:**

1. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн Талаа-Булак айылындагы Көк-Булак участкасында ден-соолукту чыңдоочу спорт комплексин курууга долбоорлонуп жаткан 1,0 га (бир) жер аянты муниципалдык менчикке алынсын.

2. Мыйзам негизинде керектүү иш кагаздарын даярдоо жагы айыл өкмөттүн тиешелүү адистерине жүктөлсүн.

3. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине каттоого жиберилсин.

**Төрага** **А.Р. Алимов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ** |

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги он алтынчы сессиясы

# ТОКТОМ №16-3

Мундуз айылы 30-октябрь 2025-жыл

**Сметага өзгөртүү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 115-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамын негиздеп, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 30-октябрындагы чыгыш № 01-28/2375 сандуу катынын негизинде, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин финансы жана бюджет маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 30-октябрындагы отурумунун №7 протоколун негиздеп жана бюджеттин чыгаша бөлүгүнө беренелер аралык өзгөртүү киргизүү сунушун талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин XVI сессиясы **токтом кылат**:

1. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы Д.Бокошовдун жана Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы Э.Жолдошованын берген маалыматы эске алынсын.
2. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетине 2025-жылдын 9 айында “Муниципалдык менчикте турган имараттардын жана курулмалардын аренда акысынан” түшкөн кошумча киреше эсебинен план 605,0 миң сомго көбөйтүлсүн.
3. 605,0 миң сом өлчөмүндөгү кошумча кирешеден кызматтык автоунаанын графикке ылайык лизинг төлөмдөрүн төлөөгө 333,6 миң сом башкаруу бөлүмүнүн 3112 “Машиналар жана жабдуулар” беренесине, мектеп курулушу үчүн сметалык документациясын даярдоого 2215 “Түрдүү чыгымдар” беренесине 271,4 миң сом бөлүнсүн.
4. Кыргыз Республикасынын “Билим берүү” мыйзамынын 28-беренесине ылайык балдар бакчаларындагы тамак-аш чыгымдарына ата-энелер тарабынан төлөнүшү белгиленгендигине байланыштуу 2025-жылдын бекитилген сметасында акча каражаты жетишсиз болгондугуна байланыштуу киреше жана чыгаша планына өзгөртүү киргизилип, 200 миң сомго акча каражаты көбөйтүлсүн.
5. Токтомдун аткарылышы Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы Д. Бокошовго милдеттендирилсин.
6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жана максаттуу пайдалануусу айылдык кеңештин финансы жана бюджет маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.
7. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине каттоого жиберилсин.

**Төрага** **А.Р. Алимов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ** |

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги он алтынчы сессиясы

**ТОКТОМ №16-4**

Мундуз айылы 30-октябрь 2025-жыл

**Сметага өзгөртүү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 115-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамын негиздеп, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 30-октябрындагы чыгыш № 01-28/2375 сандуу катынын негизинде, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин финансы жана бюджет маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 30-октябрындагы отурумунун №7 протоколун негиздеп жана бюджеттин чыгаша бөлүгүнө беренелер аралык өзгөртүү киргизүү сунушун талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин XVI сессиясы **токтом кылат**:

1. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы Д.Бокошовдун жана Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы Э.Жолдошованын берген маалыматы эске алынсын.
2. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетине 2025-жылдын 9 айында 2025-жылдын сметасында бекитилген чыгымдардан пайдаланылбай калган 3 млн. 211,2 миң сом акча каражаты №1 тиркемеге ылайык зарыл болгон чыгымдарды каржылоого жылдырылсын.
3. Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар" порталына берилген акча каражаттан үнөмдөлгөн 286 миң 525 сом акча каражаты зарыл болгон чыгымдарды каржылоого № 2 тиркемеге ылайык чыгымдалсын.
4. Токтомдун аткарылышы Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы Д. Бокошовго милдеттендирилсин.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жана максаттуу пайдалануусу айылдык кеңештин финансы жана бюджет маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.
6. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине каттоого жиберилсин.

**Төрага** **А.Р. Алимов**